**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

жаран Жеңишкүл Кыдыковна Түлөбаеванын өтүнүчүн өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2013-жыл 5-август Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы, курамында: А.О.Нарынбекова, Э.Т. Мамыров, Ч.О. Осмонова, катчы М.Ж.Азарованын катышуусунда, жаран Ж.К.Түлөбаеванын өтүнүчүн карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы :**

Жаран Ж.К.Түлобаева 26-март 2013-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) өтүнүч менен кайрылып, анда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 17-декабрь 2012-жылдагы жана 6-март 2013-жылдагы токтомдорун Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келбейт деп таап берүүнү суранган. Жаран Ж.К.Түлөбаева өтүнүчүн негиздеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку соту анын кызы А.Т. Исакееванын жарандык иши боюнча жергиликтүү соттордун соттук актыларын ишти кароодо процессуалдык жана материалдык нормалар бузулгандыгын белгилеп жокко чыгарып, иш боюнча жаңы чечим кабыл албай, кайра кароого жибергендигин көрсөтөт. Жаран Ж.К.Түлөбаева мындай жагдайда Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жергиликтүү соттордун актыларын жокко чыгарып, алардын кемчиликтерин жоюп, жаңы чечим кабыл алышы керек болчу деп эсептейт. Ишти кайра кароого жиберүү иш боюнча чечим кабыл алууну создуктура тургандыгын, 3 жылдан бери соттошуп, жыйынтык чыкпай келе жаткандыгын көрсөтөт.

Судьялар коллегиясы, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-статьясынын 2-бөлүгүнүн негизинде кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды текшерген судья А.О.Нарынбекованын маалыматын угуп, өтүнүчтү жана ага тиркелген материалдарды изилдеп, төмөнкүдөй жыйынтыкка келет.

Конституциялык палата конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында Конституциянын 97-беренесинин 6-бөлүгүндө жана жогоруда көрсөтүлгөн

конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар конституцияга карама каршы келген учурда, аларды конституциялык эмес деп табуу жөнүндө иштерди карайт.

Ал эми, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун токтомдору мыйзам же башка ченемдик укуктук акты болуп эсептелбейт, өзүнүн таризи жана мазмуну боюнча Конституциялык палатанын кароосуна жатпайт.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, эгерде кайрылууда билдирилген талап Конституциялык палатанын кароосуна караштуу болбосо коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогорудагылардын негизинде жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 4-пунктун жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1. Жаран Ж.К.Түлөбаеванын өтүнүчү өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.
2. Өтүнүч жана ага тиркелген материалдар Ж.К.Түлөбаевага кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы**

курамында: **А.О.Нарынбекова**

**Э.Т.Мамыров**

**Ч.О.Осмонова**